DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

## ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PEDAGOGICAL SCIENCES

*Термечикова А.М.*

# МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨСТҮРҮҮДӨГҮ ОРДУ

*Термечикова А.М.*

# МЕСТО ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ СРЕДСТВ В РАЗВИТИИ ТВОРЧЕСКОЙ АКТИВНОСТИ СТУДЕНТОВ

*A. Termechikova*

# THE PLACE OF INFORMATION AND COMMUNICATION MEANS IN INCREASING THE CREATIVE ACTIVITY OF STUDENTS

*УДК: 004.031.42*

*Бул макалада заманбап билим берүүдө окутуунун парадигмасынын алмашуу мезгилинде мугалимдерде жана окуучуларда маалымат-коммуникациялык компетентүүлүктүн калыптануусу зарыл экендиги айтылды. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн негизинде карап карап көрсөк, студенттер окуу процессинде эле эмес, үйдө дагы интернет аркылуу өз билимин өркүндөтүүдө чыгармачылык менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болуусу анализденген. Ошого таянып, интерактивдүү технологиянын мазмуну көңүл буруу, эс тутум, кабылдоого негизделбестен, эң башкысы чыгармачылыкка, жемиштүү ой жүгүртүүгө, жүрүм-турумга, байланыш жасоого таянуу керектиги айтылды. Окуучулардын маалымат-коммуникациялык технологияларды колдонуусун индивидуалдык жана социалдык жактан кароо керектиги ачып берилди. Андай болсо, окуучу үй шартында да МКТды колдонууда өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөгө шарт түзүлмөкчү. Натыйжада, окуучу социалдык тармактар менен иштөө, мугалим менен интернет аркылуу иштөө көндүмдөрүнө ээ болот. Ошондой эле, сабактан тышкаркы учурда дагы маалымат-коммуникациялык каражаттарды колдонуу менен маалымат-коммуникациялык компетентүүлүктөрүн калыптандыруу көндүмдөрү калыптанат.*

***Негизги сөздөр**: маалымат алмашуу, интерактивдүү технологиялар, маалымат-коммуникациялык технологиялар, окутуу, өз алдынча иштөө, компетентүүлүк, тармактык курстар.*

*В данной статье рассматривается необходимость развития информационно-коммуникативных компетенций у преподавателей и студентов, в связи с новой смены парадигмы преподавания в современном образовании. На основе исследований аргументировано наличие у учащихся навыков творческой работы не только в процессе обучения, но и внеурочной деятельности для совершенствования своих знаний через Интернет-ресурсы. В работе отмечается, что главное содержание интерактивных технологий должно основываться не на внимании, памяти, восприятии а на творчестве, продуктивном мышлении, поведении и общении. Использование информационных и коммуникационных технологий учащимися должно рассматриваться индивидуально и социально. Студенты смогут работать самостоятельно и творчески, используя ИКТ в домашних условиях. При работе с социальными сетями учащиеся приобретают навыки работы с преподавателем через интернет. Кроме этого, обсуждаются вопросы условий формирования информационно-коммуникационных компетенций с использованием информационно-коммуникационных средств во внеурочной деятельности учащихся.*

***Ключевые слова**: обмен информацией, интерактивные технологии, информационно-коммуникационные технологии, обучение, самостоятельная работа, компетентность, отраслевые курсы.*

*This article emphasizes the need to develop information and communication competencies among teachers and students in the period of changing the paradigm of teaching in modern education. On the basis of scientist research, the students' skills of creative work were analyzed not only in the learning process, but also at home to improve their knowledge via the Internet. It is noted that the content of interactive technologies should not be based on attention, memory, perception, but, most importantly, on creativity, productive thinking, behavior and communication. The use of information and communication technologies by students should be considered individually and socially. Students will be able to work independently and creatively using IT at home. And when working with social networks, they will have the skills to work with a teacher via the Internet. The conditions for the formation of information and communication competencies using information and communication tools in extracurricular activities were also discussed.*

***Key words**: information exchange, interactive technologies, information and communication technologies, training, independent work, competence, industry courses.*

**Киришүү**. Акыркы жылдары маалыматтык-коммуникациялык технологияларды окутууда колдонуунун методикасы жана дидактикасы тармактарында көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлдү, маалыматтык билим берүү чөйрөсү, билим берүү уюмдарында аны түзүүнүн методдору жана каражаттары түшүнүктөрүнө ар түрдүү мамилелер калыптанды (Л.Л. Босова, В.В. Гриншкун, Т.Б. Захарова, Г.М. Коджаспирова, А.Н. Лейбович, И.М. Осмоловская, И.В. Роберт, А.Л. Семенов, Е.В. Чернобай ж.б.).

Е.М. Елизарова, Ю.А. Киселева жазгандай, билим берүүнүн парадигмасынын алмашуусу менен за-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



манбап маалыматтык коомдо болочок мугалим боло турган студенттерди маалыматтык билим берүү чөйрө түзүү шартындагы педагогикалык ишмердүүлүккө даярдоо учурдун зарылдыгына айланды. Аны менен бирге сөзсүз түрдө мындай даярдоону кадрдык камсыздоого талаптарды эске алуу менен ишке ашыруу керек. Башталгыч жалпы билим берүүчү мектептин педагогдорунун квалификациясынын деңгээли Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына толугу менен дал келүүсү зарыл, анын ичинде маалыматтык билим берүү чөйрөсү шартында кесиптик ишмердүүлүк тармагындагы компетенттүүлүккө ээ болуусу сөзсүз абзел. Мындай талап азыркы шартта педагогдун кесиптик стандартын аныктап, ал мугалимдин бирден бир эмгек функциясы катары окуучуларда маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен байланышкан көндүмдөрдүн калыптануусун билдирет. Буга байланыштуу мектептин маалыматтык билим берүү чөйрөсү шартында болочок башталгыч класстын мугалимдерин кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо көйгөйү өзгөчө мааниге ээ болуп жатат [3].

**Талдоо.** Интерактивдүү технологиянын мазмуну көңүл буруу, эс тутум, кабылдоого негизделбестен, эң башкысы чыгармачылыкка, жемиштүү ой жүгүртүүгө, жүрүм-турумга, байланыш жасоо таянат. В.В. Гузеева боюнча интерактивдүү технологиялар – бул студенттердин маалыматтык чөйрө менен маалыматтык алмашуусунун түрү. Маалыматтык алмашуунун 3 түргө бөлүп кароого болот. Интерактивдүү (англис тилинен алынган «interact» – өз ара аракеттенүү) өз ара аракеттенүү же диалог дегенди түшүндүрөт.

1. Экстраактивдүү режим: маалыматтык агымдар окутутуучу системанын субъектинен окутуунун объектине (студентке), бирок негизинен объекттин ичине кирбестен, анын айланасында циркуляциялап жүрөт. Студент пассивдүү окуучунун ролун аткарат. Бул режим лекциялар, салттуу технологиялар үчүн иштейт. Мындай режим көбүнчө пассивдүү болот, окуучунун субъекттик активдүүлүгүн пайда кылбайт, анткени окуу негизинен окутуучу чөйрөнүн активдүүлүгү менен берилген.

2. Интераактивдүү режим: маалыматтык агымдар студент же топко карай багытталып, аларда камтылган активдүү ишмердүүлүктү пайда кылат. Студенттер мында окуунун субъекти катары иштейт. Бул режим өз алдынча ишмердүүлүктүн, өзүн-өзү окутуунун, өзүн-өзү тарбиялоонун, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн технологиялары үчүн мүнөздүү.

3. Интерактивдүү режим: бул учурда маалыматтык агымдар аң-сезимге кирип, анын активдүү ишмердүүлүгүн пайда кылып жана кайтарым маалыматтык агымды жаратат, студенттен окутуучуга карай.

Ошентип, маалыматтык агымдар, же багыты боюнча алмашылып турат, же эки тараптуу мүнөзгө ээ: бир агым окутуучудан чыкса, экинчиси – студенттен чыгат. Бул режим интерактивдүү технологияларга да таандуу. Окутуучунун жалпы функциясы – интерактивдүү технологияда фасилитация (колдоо) болуп эсептелет – багыт берүү жана маалымат алмашуу процессине жардамдашуу: көз караштардын ар түрдүүлүгүн аныктоо; катышуучулардын жеке тажрыйбасына кайрылуу; катышуучулардын активдүүлүгүн колдоо; теория жана практиканы бириктирүү ж.б. Практикалык сабактардын жүрүшүндө биз студенттер менен окуучуларды сабактан тышкаркы учурда, үй шартында маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын каражаттарын колдонуунун окутуу процессин индивидуалдаштырууга, социалдык адаптацияланышына багытталган методдорун карап чыктык. Үй шартында колдонуу үчүн россиялык сайттарда «Үй репетитору» сыяктуу көптөгөн компьютердик программалар менен жасалган башталгыч класстардын окуу предметтери боюнча окутуучу системалар иштелип чыккан. Окутуунун компьютердик технологиялары мындай системаларда репродуктивдүү мүнөзгө ээ, алардын негизги функциясы – комплекстүү жыйынтыктоочу ишке даярдоо (4-класс), өтүлгөн окуу материалын кайталоо, жаңы билимди ачуу ж.б. Андан сырткары, үйдө компьютер болсо, окуучу үй тапшырмаларын натыйжалуу жана сапаттуу аткарууга мүмкүндүк алат (реферат даярдоо, өз алдынча тапшырмаларды аткаруу, видео сабактарды көрүү ж.б.). Бул учурда МКТнын каражаттары окутууну индивидуалдаштыруунун жана окуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн инструменти катары кызмат кылып калат. Социалдык адаптациялоо каражаты катары МКТ окуучулар бири-бири менен жана мугалим менен Интернет аркылуу баарлашканда пайдаланылат. Тармактык технологиялар (Г.М. Коджаспирова) – бул социалдык активдүүлүктүн, мобилдүүлүктүн жана демилгелүүлүктүн каражаты. Үйдө Интернетке чыгуу мүмкүндүгү болсо, кенже класстын окуучулары тармактык долбоорлордо катышууга мүмкүндүк алышат, ар түрдүү маалыматтарды ала алышат, социалдык активдүүлүк көрсөтө алышат [4].

Мисалы, дистанттык формадагы окуган башталгыч класстардын болочок мугалимдери менен биз дистанттык окутуунун технологиясын карап чыктык, анткени биздин оюбузча, бул студенттердин интеллектуалдык потенциалын жогорулатуунун эң тез жана натыйжалуу жолу. Дистанттык окутуунун маанилүү жетишкендиги, М.И. Яковлеванын пикири боюнча, конкреттүү окуучунун базалык даярдыгынын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



деңгээлине, жашаган жерине, ден-соолугуна, материалдык абалына карабастан, ал МКТнын базасында окуучунун жашаган жерине, ден-соолугуна, материалдык абалына студенттерди окутууну адаптациялоого мүмкүндүк берет, анын натыйжасында окутуунун сапатын жогорулатууга мүмкүндүк ачат. Психологдор тастыктагандай, билим берүүнүн салттуу системаларында кабыл алынган окуу процессинин кескин регламенттештирилген графиги эң жакшы дегенде окуучулардын 15-30% гана канааттандырат, ал эми башкалар үчүн ал же өтө оор, же жеткиликтүү интенсивдүү эмес. Жыйынтыгы болуп окутуучулар менен студенттердин интеллектуалдык ресурстарын натыйжасыз колдонуу болуп калат. МКТнын базасындагы дистанттык окутууда окуу процессинин белгиленген календардык планы жок, студент окуу материалын өзүнүн жөндөмдөрү жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ишке ашыра алат. Бул окутуунун сапатын жогорулатат жана билим берүү үчүн кошумча эмоционалдык жана интеллектуалдык стимул берет [6]. Көп студенттер, Романов А.М. айткандай, Интернет-окутууну тандап алышат, себеби алар каржы жагын эсептешет, – негизги ишмердүүлүктөн ажырымсыз билим алуу студенттерге өз ишин таштабай, каржы маселесин чечкенге мүмкүндүк түзөт.

Интернет-окутууну уланта берүүнүн дагы бир себеби – бир топ эле мугалимдер тарабынан абдан көп сандагы окуучуларды камтып, окутса болот, аны менен билим берүүгө карата жогорулап бараткан муктаждыкты канааттандырууга болот. Интернет-окутуунун технологиялык жана дидактикалык негизи болуп тармактык курс эсептелет. Же тармактык окуу-методикалык комплекс (ТОМК) десек оң болот, анткени окуу-методикалык материалдан сырткары (окуу-методикалык колдонмо, тесттер жыйнагы, практикум) ал өзүнө аралыктан иштөө мүмкүндүгүн камтыйт (Электрондук почта, форумдар ж.б.). Ошентип, ТОМК биз программалык-дидактикалык системаны түшүнөбүз, ал аралыктан окутуу процессинин толуктугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт. Ал өзүнө көнүгүү окуу ишмердүүлүгүн жана билимди өздөштүрүүнү көзөмөлдөөнү, ошондой эле маалыматтык-издөөчүлүк ишмердүүлүктү, математикалык жана имитациялык моделдөөнү камсыздаган теориялык материалды камтыйт. Программалык бөлүгү катары ар кандай оболочкалар же тармактык курстарды иштеп чыгуу жана колдонуунун интегралдык чөйрөлөрү колдонулат. Азыркы учурда билим берүү системасында билим берүү мекемелери тарабынан көп сандагы оболочкалар колдонулат, алардын ичинде WebCT, Learning Space, ВП, Гекадем, ОРОКС ж.б. Идеалда ТОМК ЖОЖдогу бардык сабактардын салттык формаларын (лекция, семинар, практикалык сабактар) ИИИ, курстук жана дипломдук долбоорлоо, зачет жана экзамен, ошондой эле салттык эмес формаларын (мисалы, долбоор методу) камсыздайт. Дидактикалык максат боюнча алар төмөнкүлөрдү камсыздайт: билимди калыптандыруу, маалыматтарды берүү, билгичтиктерди калыптандыруу, билимдерди бекемдөө, өздөштүрүүнү көзөмөлдөө, билгичтиктерди жалпылоо, өркүндөтүү [5].

Башталгыч класстардын болочок мугалимдерин окуу процессинде маалыматташтырууда технократтык мамиленин үстөмдүктүн индикатору болуп ЖОЖдун Intel фирмасынын «Келечек үчүн окутуу (Обучение для будущего)» (http://www.iteach.ru/) программасында катышуусу кызмат кылды. Бул программа боюнча окутуу, О.С. Гайдамактын аныктамасы боюнча, долбоордук-изилдөө методикасын өздөштүрүүнү, мультимедиа жана интернет-ресурстар менен иштөөнү, маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу менен долбоорлорду иштеп чыгууну, студенттердин атынан презентацияларды, публикацияларды, веб-баракчаларды даярдоону жана башкаларды камтыйт [1].

Студенттер, башталгыч класстын болочок мугалимдери менен иштөө процессесинде, биз окуучулардын жана студенттердин түйүндүү компетенттүүлүктөрүн окуу долбоору катары караганбыз – бул, Ю.А. Коджаспировдун аныктамасы боюнча, окуучулардын маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын ресурстарынын негизинде уюштурулган биргелешкен окуу-таанып билүүчүлүк чыгармачыл же оюн ишмердүүлүгү, ал жалпы максатка, макулдашылган ишмердүүлүктүн методдору жана ыкмаларына ээ, жана долбоордун катышуучулары үчүн маанилүү көйгөйлөрдү чечүү боюнча жалпы жыйынтыкка багытталган [2].

Студенттер окутуучулар менен бирдикте интерактивдүү дидактикалык оюндарды уюштурууга; орус тили, адабий окуу тармагындагы ар түрдүү фактыларды топтоого; экологиялык, лингвистикалык, математикалык долбоорлорду өткөрүүгө, биргелешкен чыгармачыл продуктыларды жасоого (ветерандарга открытка, инвалид балдарга оюнчуктарды ж.б.); биргелешкен иштерди уюштуруп жүргүзүүгө (туристтик маршруттарды биргелешип иштеп чыгуу); кенже окуучуларды окутуунун методикасынын актуалдуу маселелерин биргеликте чечүүгө катышышат.

Окуу долбоорлорду студенттерге окутуу кызматташтыкта ишке ашуусу зарыл – бул өзгөчө багыт, ал чакан топтордо окутууну уюштуруу менен байланышкан (эреже катары, 3-5 адамдан турган).

Кызматташтыкта окутуу – бул биргелешкен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



окутуу, анын жыйынтыгында студенттер чогуу иштешет, чогуу конструкциялашат, даяр түрүндө эле колдонбостон жаңы билимдерди жаратышат [1].

Студенттердин топтору окутуучу тарабынан түзүлүп, аларда күчтүү, орточо жана чабал студент да катышкан. Топко тапшырма берилген, аны аткаруу убагында топтун катышуучуларына ар түрдүү ролдорду бөлүштүрүлүп берилген. Ишти баалаганда, бардык топтун иши бааланган. Топтук окутуунун процесси, салттуу (фронталдык жана жеке (индивидуалдык) окутуудан айырмаланып, төмөнкү негизги сапаттар менен мүнөздөлөт: кызматташтыкта окутууда ар бир студенттин катышуусу, социалдашуу, баарлашуу, рефлексия, өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн аракеттенүү. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерин даярдоодо кенже окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердүүлүгүн уюштурууга да чоң маани берилген, жана ага көңүл бөлүнгөн. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк окуу материалын тереңдөө жана бекемдөөгө шарт түзөт, ошондой эле предметтик ийримдердин, секциялардын, клубдардын, чыгармачыл бирикмелердин ж.б. ишмердүүлүгүн уюштурган иштерди камтыйт. Кенже класстын окуучуларынын сабактан тышкаркы ишмердүүлүгү азыркы күндө МКТ-компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу менен тыгыз байланышта [2]. Аларды калыптандыруу үчүн практикалык сабактарда компьютердик техникалык каржаттарды колдонуу керек. Ошентип, МКТны билим берүү системасына киргизүү жана маалыматтык билим берүү чөйрөнү түзүү шартында болочок башталгыч класстын мугалимдерин педагогикалык ишмердүүлүккө даярдоо жолунда, 3 этапты бөлүп кароого мүмкүн:

– баштапкы, жеке компьютерлерди колдонуу менен байланышкан, негизинен, билим берүү системасын уюштуруу үчүн, аны административдик башкаруу жана башкаруу процесси жөнүндө маалыматты сактоо;

– заманбап, компьютердик системаларды түзүү, интернет жана маалыматтык телекоммуникациялык технологияларды конвергенциялоо менен байланышкан;

– болочок (перспективалуу), жаңы МКТларды билим берүү технологиялары менен интеграциялоого негизделген.

МКТны колдонуу билим берүүнү модернизациялоонун негизги максатына – окутуунун сапатын жакшыртууга, маалыматтык маданиятка ээ болгон жана заманбап технологиялардын маалыматтык-коммуникациялык мүмкүнчүлүктөрүн билген, маалыматтык мейкиндикте өзүн жакшы сезген, түшүнгөн, ошондой эле болгон тажрыйбасын көрсөтө алган жана анын натыйжалуулугуна жетише алган инсанды гармониялуу өнүктүрүүгө жетишүүгө көмөктөшөт.

Коюлган максатка жетишүү үчүн төмөнкү милдеттерди ишке ашыруу зарыл:

– окуу процессинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

– окуучуларда туруктуу кызыгууну жана өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулууну калыптандыруу;

– коммуникативдик компетенцияны калыптандыруу;

– окууга карата оң мотивацияны калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү;

– окуучуларга алардын эркин, ойлонулган турмуштук жолун тандоого билимдерди берүү.

**Корутунду.** Акыркы жылдары билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу жөнүндө маселе көбүрөөк көтөрүлүп жатат. Бул жаңы техникалык каражаттар гана эмес, ошондой эле окутуунун жаңы формалары жана методдору, окутуу процессине жаңы мамилелер. МКТны педагогикалык процесске киргизүү коллективдеги мугалимдин даражасын (авторитет) жогорулатып, анткени окутуу процессин заманбап, жогорку деңгээлде жүргүзө алат. Мындан сырткары, кесиптик компетенцияларын өнүктүрүп, мугалимдин өзүнүн өздүк баалоосу өстүрөт.

Педагогикалык чеберчилик илим жана техниканын жана алардын продуктусу – маалыматтык технологиялардын өнүгүүсүнүн азыркы деңгээлине дал келүүчү билим жана билгичтиктердин биримдигине негизденет.

Азыркы учурда ар түрдүү булактардан маалыматты алуу, колдонуу жана өз алдынча жаратуу билгичтиги зарыл. МКТны кеңири колдонуу мугалим үчүн өзүнүн предметин окутууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат, ошондой эле анын ишин жеңилдетип, окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат, окутуунун сапатын жакшыртууга мүмкүндүк түзөт.

**Адабияттар:**

1. Гайдамак Е.С. Реализация компетентностного подхода к образованию в программе Intel «Обучение для будущего» / Е.С. Гайдамак. / Применение современных информационных технологий в образовании. - Омск, 2003.
2. Галанжина Е.С. Уроки литературного чтения с применением информационных технологий / Е.С. Галанжина. - М. : Планета, 2011. - 240 с.
3. Елизарова Е.М. Справочник учителя начальных классов / Е.М. Елизарова, Ю.А. Киселева. - Волгоград, 2011. - 368 с.
4. Коджаспирова Г.М. Педагогический словарь [Текст]: для студентов вузов / Г.М. Коджаспирова, А. Ю. Коджаспиров. – 2-е изд., стер. - М. : Academia, 2005. -175 с.
5. Романов, А.Н., Технология дистанционного обучения в системе заочного экономического образования / А.Н. Романов, В.С. Торопцов, Д.Б. Григорович. - М., 2000. - 303-б.
6. Яковлев, А.И. Информационно-коммуникационные техно-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



логии в дистанционном обучении : докл. на круглом столе «ИКТ в дистанц. образовании» - М. : МИА, 2009. – 14 с.
7. Чогулдуров М.Д. Управление качеством дистанционного образования в системе высшего профессионального образования: проблемы и перспективы. / Наука, новые технологии и инновации. № 3. 2020. - С. 173-177.